| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br><br>**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**<br>**АТАЙ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**АТАЙСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VIII сессиясынын**

**№ 28 ТОКТОМУ**

28 03. 2025-жыл Арал айылы

**Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) 25 12. 2024-жылдагы кезексиз IV сессиясынын № 11 токтомунун 1-пункттун өзгөртүү жөнүндө**

Атай айыл өкмөтүнүн 17.02.2025-жылдагы №01-12/439 сандуу катын карап, Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин "Мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун, кызыкчылыгын коргоо, муниципалдык менчик, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча" туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) 25 12. 2024-жылдагы кезексиз IV сессиясынын № 11 токтомунун 1-пункттундагы "Эски стадион" деген сөз "Эски мечит" деп оңдолуп, 0,84 га жер тилкеси 0,81 га жер тилкеси деп жазылсын.

2. Райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгынан тарабынан тиешелүү иш кагаздарын бүткөрүү, мыйзамдаштыруу жана жер ресурстары мамлекеттик агенттигинин Тогуз-Торо филиалынан каттоодон өткөрүү жагы Атай айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Жаныбаевке милдеттендирилсин.

**3.** Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамына ылайык Атай айыл өкмөтүнүн расмий маалымат сайтына жарыялансын.

**4.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин "Мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун, кызыкчылыгын коргоо, муниципалдык менчик, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча" туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Атай айылдык кеңешинин төрагасы** **С. Өскөнбай уулу**